*УДК.316:323.1(575.2)*

***Ж. Эсенаманова,***
*К. Карасаев атындагы*
*Бишкек гуманитардык университетинин аспиранты*
*Jibekesen2013@gmail.com*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭТНОСТОР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

# МЕЖЭТНИЧЕСКИЕ ОТНОШЕНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

# INTER-ETHNIC RELATIONS IN KYRGYZSTAN

***Аннотация.*** *Кыргыз Республикасы көп улуттуу өлкө болуп, 2009-жылдагы каттоонун маалыматтары боюнча 100дөн ашык улут жашайт. Бирок учурда мамлекеттик саясатта этностук курамды эске алуу жетиштүү эмес, этностор аралык мамилелерди башкаруунун так системасы түзүлбөй келет. Өлкөдөгү экономикалык, саясый туруксуздук этностор аралык мамиленин оорлошуна шарт түзүп, жакырчылык, миграциялык агым, этностор аралык конфликттердин келип чыгышы менен коштолууда. Аталган макалада Кыргызстандын көз карандысыздыгынан бүгүнкү күнгө чейинки этностор аралык мамилелерине социологиялык талдоо жүргүзүлмөкчү.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кыргызстан, Конституция, этностор аралык мамиле, биримдик, этнос, улут, саясат, экономика, бийлик, миграция, тил, тарых.*

***Аннотация.*** *Кыргызская Республика считается многонациональной и по итогам Переписи населения 2009 года в ней живут представители более 100 национальностей. Но в настоящее время в государственной политике акцентировать внимание только на национальный состав страны является недостаточным. До сих пор не разработана точная система управления межэтнических отношений. Экономическая нестабильность в стране способствовала к натянутости межэтнических отношений. Эскалация бедности, миграции сопровождается этническими конфликтами. В данной статье будет проведен социологический анализ этнических отношений в Кыргызстане начиная с момента получения независимости государства и по сегодняшний день.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, Конституция, межэтнические отношения, единство, этнос, нация, политика, экономика, власть, миграция, язык, история.*

***Abstract.*** *The Kyrgyz Republic is considered to be a multinational country; according to the statistics data made in 2009 there are more than 100 nations in Kyrgyzstan. However, it becomes insufficient in state policy to take into account the ethnos composition; still no proper management system of interethnic relations has been formed yet. The economic state and political instability in the country cause complication of interethnic relations leading to poverty, migration, interethnic conflicts. The paper is devoted to the sociological analysis of interethnic relations in Kyrgyzstan since gaining its independence till present.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan, constitution, interethnic relations, unity, ethnos, nation, policy, economics, power, migration, language, history.*

Дүйнөдө кандай гана мамлекет болбосун ар бир мамлекетте ар кандай улуттун өкүлдөрү биргеликте жашагандыгы баарыбызга маалым. Анткени, байыркы мезгилден баштап ушул күнгө чейин улуттар тарыхый, социалдык, диний, саясий, экономикалык ж. б. себептерден улам бири-бири менен жуурулушуп жашап келет.

Кыргызстан – бир территорияда көп сандаган этностор бирге жашап келген көп кылымдык бай тажрыйбасы бар мамлекеттердин бири. Кыргыздар көп кылымдардан кийин (13-кылымдын башынан бери) XX кылымдын аягында биринчи жолу өз аймагында чогуу жайланышкан этностор менен биримдиктүү мамлекетке ээ болду [1]. Кыргызстандын этностук

жамааттары ынтымакта жанаша жашоонун, тышкы жана ички коркунучтарга бирге каршы туруунун көп кылымдык тажрыйбасын топтошту. Өлкөнүн тарыхы айгинелеп тургандай, анын өнүгүүсүндөгү эң урунттуу учурлары элдин биримдиги, ар түрдүү этностордун өкүлдөрүнүн достугу менен шартталган [1, 7].

XIX кылымдын биринчи жарымында Кыргызстанга кыргыздар менен кошо аз сандагы өзбектер, тажиктер жана казактар гана жашашкан. Ал эми экинчи жарымында бул жакка Россиядан славян элдери: орустар, украиндер, белорустардын өкүлдөрү келе башташкан. Алар менен кошо немистер да жайланышкан. Бул жерден ошондой эле кытай феодалдарына каршы көтөрүлүшкө чыгып, талкаланып, качкан дунган, уйгурлар да башпаанек табышкан [2].

Советтик бийлик өкүм сүргөн жылдарда отурукташкандардын саны арткан. XX кылымдын 20–30-жылдарында алыскы Чыгыштан бул жакка корейлер зордоп көчүрүлгөн. Улуу Ата мекендик согуш жылдарында Түндүк Кавказдан чечендер, ингуштар, карайлар, балкарлар, крым татарлары келе баштаган. 60–70-жылдарда Россиядан жумушчулар өндүрүштү көтөрүү үчүн келишип, алардын көбү бул жерде биротоло калып калышкан. Согуштан кийин Кытайдан кайрадан көп сандаган дунган менен уйгурлар келе башташкан. Ошентип акыркы 100 жылда Кыргызстандын эностук курамы олуттуу түрдө өзгөргөн [3].

Кыргызстандын көз карандысыздыгынын жарыяланышынан кийинки түзүлгөн жаңы этносаясый абал, этностук фактордун саясатташтырылышы менен мүнөздөлөт. Аталган шарттарда республиканын эгемендиги калктын белгилүү бөлүгү тарабынан баарынан мурда титулдук улуттун эгемендиги, анын турмуш-тиричилигинин бардык чөйрөсү үчүн артыкчылык берилиши керектиги катары кабыл алынган. Мындай тенденция этностор ортосундагы чыңалуунун пайда болушун жөндөгөн. Андай этностор аралык конфликттин кооптуулугу мурдагы СССР аймактарынын көпчүлүгүндө байкалган төмөн саясый маданияттуулуктун шартында карама-каршылыктуу жактардын көп учурда зордук-зомбулук ыкмаларын колдонуусу менен түшүндүрүүгө болот. Алсак, Приднестровье (Молдова) менен Закавказьедеги улуттар аралык согуш; Кыргызстандагы 1990-жылы орун алган Оштогу улуттар аралык конфликт [4.].

Кыргызстандагы демократиялашуу жана эгемендик процесси мурдагы Союздук республикалардагыдай эле улуттук формада жүргөн. Ал көбүрөөк ачык түрдө улуттук аракеттерде, программаларда жана кыргыз элинин улуттук жаралуусундагы бир түрдүү болбогон, керек болсо карама-каршылыктуу, же оң жана прогрессивдүү идеяларда чагылган. Анын улуттук маданиятынын жана тилинин жанданышы республиканын территориясында жашаган башка этностордун өкүлдөрүнө катуу психологиялык таасир берип, аларда ыңгайсыздык жана керек болсо улуттук басынтуу сезимин жараткан. Акырында ал этностор аралык чыңалуунун күчөшүнө алып келген.

Бул жерде түркмөндөрдүн, өзбектердин, тажиктердин, кыргыздарын, казактардын өзүнүн көз карандысыздыгын, эгемендигин жана суверендүүлүгүн сактоо жана өнүктүрүү, тилин жана маданиятын бекемдөө аракеттерин байкоого болот.

**Кыргыз Республикасынын этностук курамынын динамикасы.** Кыргыз Республикасы көп улуттуу өлкө, анда 2009-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча 100дөн ашык улут жашайт [5, 8]. Республикада кыргыздардан кийинки саны жагынан экинчи орунда турган этнос – бул өзбектер болуп эсептелет жана алар негизинен түштүк областтарда жашашат. Алар жалпысынан, соода жана кол өнөрчүлүктүн тарыхый борборлору эсептелген шаарларда отурукташкан.

Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат. Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес [6, 6, 15 б.]. Бирок буга карабастан мамлекеттик саясатта бир гана этностук курамды эске алуу жетиштүү эмес, этностор аралык мамилелерди башкаруунун так системасы түзүлгөн эмес, жалпы жарандык бирдейликти калыптандыруу приоритет катары каралган эмес.

Этностор аралык мамилелердин абалына жана өнүгүү тенденцияларына тарыхый, демографиялык, миграциялык, социалдык-экономикалык, саясый, маалыматтык жана башка процесстер таасир этет. Өлкөдөгү экономикалык, саясый туруксуздук этностор аралык мамиленин оорлошуна шарт түзүп, жакырчылык, миграциялык агым, этностор аралык конфликттердин жүрүшү менен коштолуп келүүдө. Сөздүн толук маанисинде мамлекеттүүлүктүн улуу биримдиги кыял боюнча калууда.

Этностор аралык мындай турсун кыргыздардын өзүнүн ички биримдиги жетишээрлик деңгээлде түптөлө элек. «Түндүк, Түштүк» «Оң, сол, ичкилик канаттар», «бай жана кедей» болуп бөлүнүү күчөөдө. Бул өтө опурталдуу, келечексиз аракеттер. Жаңы кыргыз мамлекетинин саясий жана башкаруучу элитасы мамлекет, эл, келечек жөнүндө чечкиндүү чараларды көрүүгө алсыз болууда [7].

Калктын этностук түзүлүшү акыркы он жылдын ичинде абдан өзгөрдү [8,12].

| | Миң адам | | Жыйынтыгына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 1999 | 2009 | 1999 | 2009 |
| Бардык калк<br>Анын ичинде | 4822,9 | 5362,8 | 100 | 100 |
| Кыргыздар | 3128,1 | 3804,8 | 64,9 | 70,9 |
| Өзбектер | 665,0 | 768,4 | 13,8 | 14,3 |
| Орустар | 603,2 | 419,6 | 12,5 | 7,8 |
| Дунгандар | 51,8 | 58,1 | 1,1 | 1,1 |
| Украиндер | 50,4 | 50,4 | 1,0 | 0,4 |
| Уйгурлар | 46,9 | 48,5 | 1,0 | 0,9 |
| Татарлар | 45,4 | 31,4 | 0,9 | 0,6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Казактар | 42,7 | 33,2 | 0,9 | 0,6 |
| Тажиктер | 42,6 | 46,1 | 0,9 | 0,9 |
| Түрктөр | 33,3 | 39,4 | 0,7 | 0,8 |
| Немистер | 21,5 | 9,5 | 0,4 | 0,2 |
| Азербайжан-дар | 14,0 | 17,3 | 0,3 | 0,3 |
| Армяндар | 1,4 | 0,9 | 0,0 | 0,0 |
| Балкарлар | 1,5 | 1,3 | 0,0 | 0,0 |
| Башкырлар | 2,0 | 1,1 | 0,0 | 0,0 |
| Белорустар | 3,2 | 1,4 | 0,1 | 0,0 |
| Гректер | 0,7 | 0,5 | 0,0 | 0,0 |
| Грузиндер | 0,7 | 0,6 | 0,0 | 0,0 |
| Даргиндер | 2,7 | 2,4 | 0,1 | 0,1 |
| Калмактар | 5,8 | 4,2 | 0,1 | 0,1 |
| Карачайлар | 2,2 | 1,7 | 0,1 | 0,0 |
| Кытайлар | 0,9 | 1,8 | 0,0 | 0,1 |
| Курддар | 11,6 | 13,2 | 0,2 | 0,3 |
| Лезгиндер | 2,7 | 2,6 | 0,1 | 0,1 |
| Мордвалар | 1,5 | 0,5 | 0,0 | 0,0 |
| Поляктар | 0,8 | 0,4 | 0,0 | 0,0 |
| Түркмөндөр | 0,4 | 1,4 | 0,0 | 0,0 |
| Цыгандар | 1,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 |
| Чечендер | 2,6 | 1,9 | 0,1 | 0,0 |
| Чуваштар | 0,9 | 0,3 | 0,0 | 0,0 |
| Башка этнос-тор | 15,6 | 10,5 | 0,4 | 0,2 |

2009-жылдагы каттоонун маалыматтары кыргыздардын санынын гана эмес, дунгандар, өзбектер, тажиктер жана башка улуттардын өкүлдөрүнүн да санынын көбөйүшүн белгилейт. Мындай өсүү, негизинен, табигый көбөйүүнүн жогорулашы менен байланыштуу, мындан тышкары, Тажикстандан келген этникалык кыргыздардын саны да өсүүгө өз салымын кошту. Муну менен бирге, миграциялык агымдын натыйжасында орустар, украиндер, немистер, еврейлер жана башка улуттардын өкүлдөрүнүн саны кыскарган [9, 8].

Калктын санынын көбөйүү темпин салыштыруу, кыргыздардын санынын өсүүсү эң жогору болгондугун көрсөттү, алардын саны 676,7 миң адамга же 21,6 пайызга, өзбектер-103,4 миң адамга же 8,2 пайызга, азербайжандар -3,3, миң адамга же 23,6 пайызга, курддар -1,6 миң адамга же 13,8 пайызга жогорулаган. Мындан тышкары, мурунку 1999—эл каттоонун маалыматтарына караганда түркмөндөрдүн саны 3,5 эсе, кытайлардын саны 2,0 эсе көбөйгөн. Ал эми 1999-жылга салыштырмалуу орустардын саны -183,6 миң адамга, же 30,4 пайызга, украиндер -28,5 миң адамга, же эки эседен көп, татарлар -14,0 миң адамга, же 30,8 пайызга, немецтер -12,0 миң адамга, же эки эсе көп, казактар -9,5 миң адамга, же 22,2 пайызга азайган. Республиканын калкынын жалпы санынын ичинен бардык аталган улуттардын салыштырма салмагы төмөндөгөн. Ошентип, орустардын үлүшү 1999-жылы 12,5 пайызды түзсө, 2009-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча калктын жалпы санынын 7,8 пайызын түздү, украиндер, турушуна жараша 1,0 пайызды жана 0,4 пайызды, казактар жана татарлар -0,9 пайызды жана 0,6 пайызды, немистер жана корейлер -1999- 0,4 пайызды жана 2009-жылы турушуна жараша, 0,2 жана 0,3 пайызды түзгөн [10, 8 б.].

Этностор аралык мамилелерди натыйжалуу башкаруу максаттары үчүн өлкөнүн региондорундагы калктын ар кандай этностук курамын эске алуу зор мааниге ээ. Соңку жылдардагы тарыхый, саясый, социалдык-экономикалык, миграциялык процесстердин натыйжасында Кыргызстан, өзгөчө шаарларда калкынын курамы ар түрдүү болгон республикадан акырындык менен Борбордук Азия өлкөлөрүнүн этносторунун саны басымдуулук кылган өлкөгө агылууда. Эксперттик демографиялык божомолго ылайык, ири этностордун катышынын өзгөрүшүнүн мындай тенденциясы келечекте да сакталып калат [11, 8].

1990-жылдардагы этностор аралык маселелердин чечилбегендиги, социалдык-экономикалык татаал кырдаал, мамлекеттин башкаруу функцияларын аткаруудагы чабалдыгы 1990-жылы июнда Кыргызстандын түштүгүндө көп сандаган курмандыктар менен коштолгон кайгылуу окуяларга алып келген. Бул окуялардан кийин психологиялык ыңгайсыздык сезими бардык этностордун арасында да орун алган. Улуттар аралык байланыштардын оң тажрыйбасын жана катаал карама-каршылыктардын тарыхый өтмүшүн билбегендик же элдин ичиндеги ажырымга алып келүүдө. Конфликттин мотивациясы биринчи кезекте социалдык шарттар, жер проблемасы, о.э. улуттук факторго байланыштуу болот. Кыргыз тарап да, өзбек тарап дагы приориттеттүү өнүгүүнү, баарынан мурда улуттук маданиятты талап кылышкан. Ошентип миграциялык маанайга жана этностук топтордун өз ара таасирлешүүсүнө 1990-жылы Ош конфликти катуу таасир эткен. Ош регионундагы этностор аралык чыңалуунун абалын жана деңгээлин көзөмөлдөө боюнча 1991-жылы эксперттик сурамжылоо жүргүзүлгөн. Анализдин жыйынтыгында «трагедиялык окуядан бир жылдан кийин этностор аралык мамиленин татаалдыгы» аныкталган. Аталган окуянын социалдык фонун экономикадагы кризистик көрүнүш, баанын өсүшү, инфляция, жумушсуздук, керектөөчү базардын кыйрашы, жашоо сапатынын жалпы начарлашы түзгөн [12, 119].

1992-жылдан баштап этностор аралык чыңалуунун төмөндөшү, этностук чөйрөнүн туруктаушуусу байкалган. Этностор аралык өз ара гармониялык мамилеге карабастан айрым аспекттерде конфликтке алып келүүчү кээ бир чыңалуу баары бир сакталган.

2006-жылы Чүй облусунун Искра айылында көпчүлүк эксперттер тарабынан этностор аралык конфликт деп таанылган окуя болгон. Дунган жана кыргыз улутундагы жаштардын ортосундагы айылдын компь-

ютердик залындагы уруш массалык кагылышууларга алып келип, жыйынтыгында бир канча адам ар түрдүү деңгээлдеги жараат алып, 7 үй өрттөлүп, 15 үй талкаланган. Андан тышкары, 2010-жылдын май айында Маевка айылында түрктөр-месхитиндер менен кагылышуу жүргөн.

Этностор аралык мамилени изилдөөчүлөр Кыргыз Республикасынын көз карандысыздык жылдарындагы системалуу өзгөрүүнүн жыйынтыгында этностор өз ара таасирлешүү үчүн мейкиндик азайган жана белгилүү шарттарда күчтүү конфликтке алып келүүчү конфликтүү этностук потенциал көбөйгөндүгү тууралуу жыйынтыкка келишкен.

**Жыйынтыктоо**

Этноулуттук иденттүүлүктү ишке ашыруунун проблемасы өзгөчө коомдун бир абалдан башкага трансформациялануу шартында актуалдуу болууда. Ошондуктан биздин өлкөдөгү реформа жана модернизация саясаты, өзгөчө бардык дүйнөлүк мейкиндик экономикалык кризис менен тушалган мезгилде, бир гана этностор аралык түшүнүүчүлүк шартында ийгиликтүү боло алат. Буга байланыштуу өлкөдө толеранттуулук идеясынын үстөмдүгүн, коомдун консолидациясынын негизинде биригүүгө даяр болуусун колдоо зарыл. Бул баалуулуктарды колдонуу экономикалык, социалдык өсүшкө саясый маданиятты, жарандык патриоттуулукту өнүктүрүүгө жол ачат. Этностор аралык ынтымактын негизинде саясый күчтөр ар түрдүү конфликттерди жое алат.

Социо-экономикалык чөйрөдө мамлекеттик приоритеттердин чегинде этностордун экономикалык кызыкчылыктарын ишке ашыруусуна, т.а. алардын салттуу айыл-чарба түрү менен алектенүү жана алардын тарыхый мекени эсептелген өлкөлөр менен соода байланышын өнүктүрүүгө шарт түзүп берүүгө багытталган саясатты иштеп чыгуу зарылдыгы бар. Бул жааттан алып караганда, өзбектердин сепаратисттик маанайынын өсүүсүнүн башкы себеби катары алардын Өзбекстан рыногуна эркин чыга албоосун айтууга болот. Ушундан улам алар өздөрүнүн кирешесинин чоң бөлүгүн жоготууда. Андан тышкары, эгерде славян элдеринин кадрдык потенциалын колдонууга багытталган тиешелүү чаралар өз кезегинде аткарылып турганда, өнөр жай продукциясынын кыскаруусун жана экономикалык төмөндөөнү, алардын массалык түрдө өз тарыхый мекенине кайтууларын алдын алган болмокбуз. Андан тышкары татаал райондордогу иш менен камсыз кылуу боюнча атайын программаларды ишке ашыруу Чүй облусуна отурукташуу (бир жылда облустун калкы миграциянын эсебинен 2500 кишиге чейин арткан) өзгөчө түштүк облустарында көптөгөн этностор аралык проблемалардын алдын алмак. Көчүп келгендер менен жергиликтүү коомдун аралашуусу көп учурда татаал өтүп, кээде конфликттерге алып келүүдө.

Маданият чөйрөсүндө Кыргызстан элдеринин биримдигине, өлкөнүн тарыхына жана маданиятына, андан тышкары диндин саясатташуусуна карата илимге таянбаган көз караштарды калк арасына жайылтуу чоң зыян алып келет. Тилекке каршы бул проблемалар постсоветтик жылдарда бир да жолу улуттук саясаттын, тиешелүү мамлекеттик түзүлүштөрдүн камкордукка алуу объектиси болгон эмес.

Этностор, региондор аралык мамилелерге тиешелүү маселелер татаал социалдык-экономикалык жана саясый шарттарда жаңжалдарга алып келиши мүмкүн. Ошол эле учурда, этностор аралык мамилелердин алдын алуучу жөнгө салуу саясатын ишке ашырган, бирдиктүү жарандык улутка таандык аң-сезими калыптанган өлкөлөрдө карама-каршылыктар зордук-зомбулуксуз эле чечилээрин эл аралык тажрыйба далилдеп турат. Кыргызстанда болуп өткөн этностор аралык жаңжалдардын тажрыйбасына карабастан, ушул кезге чейин борбордук жана жергиликтүү деңгээлдерде башкаруу органдарынын мониторинг жана алдын алуу иштерин жүргүзүү боюнча системасы толук түзүлө элек. Ишенип берилген аймактарда коопсуздук жана туруктуулук үчүн жоопту мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары этностор аралык мамилелерди гармонизациялоо боюнча системалуу ишти жүргүзүшпөйт. Этноулуттук иденттүүлүктү түзүү жана ишке ашыруу өзүнөн өзү эле жүрө бербейт. Бул жерде чоң роль өлкөнүн өнүгүү стратегиясын белгилей турган мамлекеттин жетекчилерине жүктөлөт. Этноулуттук иденттүүлүктүн генезисинин эффективдүүлүгү бийлик менен Кыргызстандын политэтностук элинин өз ара түшүнүүчүлүгүн камсыздаган коомдогу ички саясый туруктуулук менен ченелет.

***Адабияттар***


1. *Исаев. К. Кыргызстанда этностор аралык мамиленин абалы. –Б., 2009.*
2. *Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы. – Б., 2013, 7 б.*
3. *Кыргызстан — наш общий дом: межнациональные отношения [http://www.open.kg/about-kyrgyzstan/political-entity/domestic-policy/589-kyrgyzstan-nash-obschiy-dom-mezhnacionalnye-otnosheniya.html*
4. *Кыргызстан — наш общий дом: межнациональные отношения [http://www.open.kg/about-kyrgyzstan/political-entity/domestic-policy/589-kyrgyzstan-nash-obschiy-dom-mezhnacionalnye-otnosheniya.html*
5. *КРнын Конституциясы, 2010*
6. *КР. Улуттук статистика комитети, Кыргыз Республикасында 2009-жылы эл жана турак-жай фондунт каттоо I Китеп (калктын негизги социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрү жана турак жай бирдиктеринин саны). – Б., 2009, 12 б.*
7. *Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы- Б., 2013, 8 б.*